УДК 7.01 Т51

# КЕЛЕЧЕКТЕГИ ТОО-КЕН ИНЖЕНЕРЛЕРИНЕ ФИЛОСОФИЯ САБАГЫН ОКУТУУДА ИСЛАМГА ЧЕЙИНКИ ДҮЙНӨ ТААНЫМ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН ОКУТУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

***Токпаев З.Т., Балпыкбаева Б.А.***
*Институт горного дела и горных технологий им.академика У.Асаналиева КГТУ им.И.Раззакова, г.Бишкек, Кыргызстан*

*It is known of religious views of Kyrgyz a little. The Supreme deity of a drevnetyurksky pantheon is Tenir (the Sky - Tenir) - a deity of the Supreme world. Tenir on representation of ancient of Kyrgyz a life basis. Tenir predetermines destinies of people. Tenir is the machismo carrier.*

*Байыркы Кыргыз элинин дуйно таанымы жонундо маалыматтар аз. Негизи эле Турк элдеринин негизги кудайы катары Тенир эсептелинип келген. Байыркы Кыргыз элинин дуйно таанымында Тенир канна жашоонунун негизи болгон. Тенир адамдардын тагдырын чечет. Тенир жашоодо эркек башталыш катары тушунулот.*

Ислам динине чейинки дүйнө таанымында кыргыздардын кадимки күндөлүк жашоосунда колдонуп келген диний ишенимдердин саны дегеле көп болуп саналат. Ал диний ишенимдер кыргыздардын оозеки маданиятынын негизи да болуп, ошол эле учурда аң-сезиминин негизи болугу болуп калыптанып калган.

Исламга чейинки диний ишенимдерди иреттесек алардын катарында мифология, анимизм, тотемизм, теңирчилик, Умай эне культу, жер сууга, отко табынуу, көрүстөнгө балбалдарды отургузуу кут белгиси (фигура, куурчагы, сөлөкөтү), жаратылыш обьектилерине таазим кылуу – мисалы дарыяларга (Жумгал Ата суусу), булактарга, бак-дарактарга, обо таштарга ызат көрсөтүү, шаманчылык, Айга, Күнгө, Жылдыздарга сыйынуу (космогониялык көз караштарга байланыштуу), арбактарга сыйынуу сыяктуу көз караштык маңыздар кеңири орун алган.

Ал көз караштар Борбордук Азиянын кеңири, улуу талааларында жаралып, он миңдеген жылдар өттү. Байыркы заманда учу кыйры жок талааларда, асман тиреген тоолордо көчмөндөр тутунган диний ишенимдер, ырым-жырымдар таза, тунук болгон. Алар диний ишенимдер, ырым –жырымдар адамдардын түздөн түз, бетме бет болгон мамилесинен пайда болгондуктан көчмөндөрдүн рухий байлыктарынын бир бөлүгү катары болгон. Ал рухий байлыктар кадимки турмуштан, жашоодон пайда болгон. Байыркы көчмөн кыргыздар байыркы ишенимдерин өздөрүнүн оор, татаал жашоосунун маңызы катары билишкен. Көчмөн коомдо эч кандай таптык карама каршылык, байлыкты топтоого умтулуу, мансап үчүн күрөш жок болгондуктан калктын аң-сезиминде муундан муунга өтүп келе жаткан каада-салттар, нарк-насилдер барып эле ишенимдерге негизделген.

Борбордук Азиянын чексиз талааларын мекендеген байыркы көчмөндөрдүн рухий маданиятынын түп тамыры бирдей болгон. Байыркы көчмөндөр жаратылыш алааматтары менен күн сайын жолугушуп тургандан кийин өздөрүнүн жаратылыштан айырмалаган эмес. Байыркы көчмөндөр жаратылышка, жапайы жаныбарларга да, колундагы малга да аяр мамиле кылышкан.

Жаратылыштын кубулуштарын түшүндүрө албагандыктан, бардык эле көчмөн уруулардын каада-салты, ой жүгүртүүсү окшош болгон. Байыркы хунндарды (гундарды) сүрөттөгөндө Л.Н.Гумилев, алар арбактарга, асманга,

айга, жылдыздарга жана перилерге ишенишкен. Хуннулар (гундар) бардык түрк элдеринин ата-тегинин бири болушкан жана кийинчирээк алардын бир бөлүгү түрк урууларынын негизин түзгөндүктөн[1] , хуннулардын ишенимдери байыркы кыргыздарга тиешелүү хуннулар мололорго (идол) да сыйынышкан.[2]

Борбордук Азиянын талааларын мекендеген түрк уруулары гана эмес Улуу Кытай мамлекети да Теңирчиликти – Асманды- (Тянь) - жогорку кудайы катары кабыл алып, миңдеген жылдар бою сыйынып келген. Көчмөн элдерде теңирчилик эң улуу ишеним катарында башка ишенимдер менен толукташып, айкалышып сүрүлбөй пайдаланылып келген. Улуу Кытайда (отурукташкан) Тянь – Көк Асманды эң жогорку денгээлде даназалашкан. Кытайлар өздөрүнүн өлкөсүн асман алдындагы сулале (империя) деп аташкан.

Кылымдар бою калыптанган ишенимдерге, ырым-жырымдарга, нарк-насилдерге туруктуу түрдө айланып, калыптанып, көчмөндөрдүн эң алгачкы ыйык, кереметүү дүйнө караштарын философиялык катарын түзгөн. Борбордук Азияда бардык мезгилде жашаган уруулардын, уруктардын аң-сезиминде бирдей болуп калыптанып күнүмдүк жашоосундагы көз карашы отурукташкан элдерге чоң таасирнн тийгизген.

Күнүмдүк турмушта, жашоодо болуп жаткан окуяларга табигаттын кубулуштарына реалдуу көз караш менен мамиле кылып, адамдардын, жаратылыштын үстүнөн караган кандайдыр бир кереметтүү күчтөр бар экендигин сезишкен.

Бул улуу, кереметтүү күчтөр адамдардын журум-турумуна, адеп-ахлагына , аң-сезимине таасир этип көчмөн калктардын, мал багып, мергенчилик менен күнүн, элдердпн күнүмдүк жашоо турмушунун дүйнө түшүнүгүн калыптандырган. Көчмөн элдердпн түптөлүшү бнздпн доорго чейин 12 кылымдарда башталган, башкача айтканда 3200 жыл мурун «Кыргыздар адамзат тарыхында зор ролдордун бирин ойноп келген жана ал улуу элдердин катарында биринчилерден болуп турат.»[3]

Байыркы ишенимдер, ырым-жырымдар көчмөндөрдүн ар убакта ар кыл окуяларга керектелүүчү (окуяны түшүндүрүүчү) рухий негиздери катарында жашоосуна өбөлгөтүзгөн. Демек, көчмөн кыргыздардын ишенимдерин негизин көбүнчө сыйкырдуу күчтөр эмес, өздөрү көрүи турган, реалдуу (кадимки) болгон, көрүнгөн материалдык негиздер түзгөн. Байыркы доордун кыргыздарынын көз караштары көбүнчө болуп турган жаратылышта орун алган күчтөр басымдуулук кылган жана башка днндердн кабыл алышкан. Буддизм, кытай элинин дүйнө таануусунда эң чоң орчундуу орунду ээлеген.

Көчмөн калктардын, анын ичинде түрктөрдүн дүйнө таануусу, дүйнө ойлонуу Аалам менен байланышкан экени (кыргыздарды) байыркы түрк жазууларында далили бар «Жогору жакта көк Асман жаралганда төмөндө кара жер, алардын экөөнүн ортосунда Адам зат балдары жаратылган»[4] деп Күл Тегинге арналган эстеликтин чоң жазуусунда ташка чегилген.

Енисейден, Монголиядан, Кубадан, кыргызстандан табылган, изилденген ташка чегилген жазууларды С.Е. Малов байыркы кыргыздарга тааандык деп жазган.[5] Байыркы кыргыздардын дүйнө таануусунда адам жаралгандан баштап чексиз Көк асман мейкиндигинен ажырагыс экендиги көрүиүп турат.

Көчмөн калктардын (анын ичинде кыргыздардын) дүйнө кабыл алуусунда Жер Жүзү, Көк Асман, Аалам өзүнөн өзү жаралган деген негизги түшүнүк орун алган. Көк Асман Теңир эч кимге, эч нерсе окшош эмес (аморфное сууество), өзүнөн өзү жашап жатат, жер үстүндөгү бардык нерсе –жансызы, жандуусу ага баш ийет деген ой пикир үстөмдүк кылган. Теңир Көк Асманда адамдан чексиз алыс. Теңир баарын көрүп, таразалап турат. Жердин үстүндөгү адамдар, жан- жаныбарлар Көк Асман алдында бирдей абалда- табияттагы кырсыктарынын алдында тең укуктуулугун көчмөндөр билишкен. Ошол себеп жаратылыштын тап байлыктарына - көлдөргө, сууларга, тоолорго, талааларга, жапайы жана үй жаныбарларына курулай зыян келтнрүүдөн коркуп убал болот деп ойлошкон.

Теңирчилик көчмөн калктардын эң байыркы ишенимдердин бири деп айтууга болот. Кээ бир маалыматтарга караганда Теңирчилик 7 миң жыл мурда пайда болгон.

Теңирчилик байыркы кыргыздардын тизмектелген ой таанымындагы күнүмдүк-турмуштук ток дүйнө таанымындагы дагы философиялык тизмектин эң жогоркусу болуп эсептелинген.

Теңирчилик байыркы кыргыздардын түшүнүгүндө салттуу ишеним, аны эч ким жараткан эмес, ал дайыма Көк Асманда орун алган «Теңирчилик көчмөндөр турмушунда адамдын рухий дүйнөсүн, ой-акылын сыдыргылап, байыта турган жолу болгон,» - деп жазат[1] Кеңеш Жусупов. Байыркы замаида Теңирчилик көчмөндөрдүн дүйнөтаанымы болуп, жаратылыш менен бетме-бет жашаи, ынак болууга үйрөткөн.

Кыргыздардын ондогон ишенимдеринин ичинен эң улуусу, эң кудуреттүүсү, эт туруктуу ишеничке ээ болгону Теңирчилик болгон. Кыргыз маданиятынын «түбү биздин доорго 4 000 жылда жатат. Бул Андрон маданиятынын тушунда эле кыргыздар түптөлүи, өз маданиятына ээ болуп калды деген сөз».[2] Академик Елена Ефимовна Кузьмина кыргыздар жалиысынан 6000 жылдан бери тарыхта изин, дилин, тилин жоготиой жашаи келе жатат деп тастыктап жатат. 60 кылым жашап жоголуп кетпей калганына Теңирчиликтии да таасnри бар десек да тура болот.

Теүирчилнктин таасиринин алдында кыргыз элинин дүйнөкөз карашы элдин салтын, нарк-насилин, маданиятын жоготпой, карт тарыхтын кылымдарында кыргыз деген элдин атын сактаи калууга өбөлгө түздү. Бардык (бүткүл) байыркы түрктөрдүн эң жогорку диний агымы Теңирчилик болгон. Бардыгы Теңирдин (Көк Асмандын) буйругуна баш ийишкен. «Асман төбөдөн мени Ильтеришких - каган жана менин энем Элбилге - катын жетектеп эл үстүнөорнотту» [6] деп Күл Тегиндин таш мамысында ташка чегилген. Байыркы түрктөрдүн аң-сезиминде туруктуу орун алган ойлон болгон. Ал ойлонго таянсак жаратылышта, адамдардын ортосундагы болуп турган кубулуштар, аракеттер, Көк Асман – Теңирдин ырайымы, буйругу менен гана болот деп ишенишкен.

Хандар да такка Көк Асмандын - Теңирдин уруксааты менен гана олтурушкан. [7] Ушул ой-пикир Тон-Йокукка арналган таш мамыда чагылдырылган. Теңир «Көк Асман, айтты мен силерге ханды бердим».[8] Көк Асман – Теңир Тон-Йокукка дайыма колдоо ырыйымын көрсөтүи душмандардын таш-талканын чыгарган көмөк көрсөткөн.[9]

Тышкы, сансыз душман менен салгылашууда байыркы түрктөргө Асман (кудай), Умай, Ыйык Мекен (жер-суу) – мына ушулар, деп ойлойсуз, бпзге жеңишти тартуулады. «Бпз эмнеге качмак элек» деп Тон-Йокукка арналган таш - мамыда чегилген.[10]

Орхон Енесай жазма эстелигнде да Көк Асман- Теңир Моилян- Билге кагандын (683-735) жортуулдары жөнүндө жазылган.

Билге каганга арналган таш-мамыда «түрктөрдүн Көк Асманы жана ыйык түрк Мекенинде, Көк Асмандын буйругу менен коюлган» деп жазылган. [11] Түрктөрдүн душманы өз арадан чыкканда «Асман жана Жер коркунучта» деп чегилгени Көк Асманды дайыма асырагандар Асмандын колдоосуна ээ болот деп түшүнүүгө болот. Көк Асман - Теңирдин колдоосуна ээ болуп бардык душмандарды талкалаганы чегилген.[12]

«Төбөдөгү Көк Асман жана астындагы Жер мага кайрымдуу» [13] чыгыштагы, батыштагы, баардык элдер Билге каган чексиз алтын, кумуш, жибектерди алын келишкени чегилген. Көк Асман - Теңирдин колдоосуна ээ болгон хан эли менен кошо бактылуу жашашкан.[14]

Теңирчилик бардык түрк тилинде сүйлөгөн элдерде таркап, Теңир деген түшүнүк (Кудай) деп түшүиүшкөн. Жалпы түрк элдеринде Көк Асман-Теңир кудай катарында таанылган. Боз үйдө өмүр бою жашагандыктан аба ырайынын өзгөрүшү көк Көк-Асман-Теңирге байланыштырылып жеке адамдар да, уруу, урук болуунун дайыма табпгаттын кырсыктарынан өтө көп чочулабай, аны кайраттуулук менен жеңүүгө баардык аракетернн жумшашкан.

Борбордук Азияда жашаган түрк тилинде сүйлөгөн элдерден башка улуттагылар да Асманга-Көк-Теңирге сыйынышкан. Элдери миңдеген жылдардан бери отурукташкан сулалесинде залкар ойчулдары философтору коомдо болуп жаткан окуялардын баардыгы Асмандын эркине, ырайымына байланыштуу деп айтышкан. Улуу Кытайдын каймана аталышы Асман астында сулале (империя). Кытайдын императорлору (Теңирдин) уулу деген салтанаттуу ысымы бар эле. Хань сулалесинин мезгилинде биздин эрага чейин III к.- биздин эранын III кылымына чейин «Лицзи» ( Ли эрежелери) жыйнагында бүт коом үчүн (норма) иштелип чыккан. Жүрүш-туруштун бул жыйнагы Асмандын эрки менен бекитилген деп айтылган.[15]

УДК 378.147

# ТЕХНИКАЛЫК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

***Курманбаева Г.А.***

*Институт горного дела и горных технологий им.академика У.Асаналиева КГТУ им.И.Раззакова, г.Бишкек, Кыргызстан*

*Докладда техникалык окуу жайларында кыргыз тилин окутуунун айрым маселелери каралды.*

*The report examines some of the tasks of the Kyrgyz language training in technical colleges.*

Бардыгыбызга белгилүү болгондой, мамлекетибиздин өз алдынчалыгынын пайдубалы түптөлүп, аны уламдан улам бекемдөөгө бийликтер тарабынан дайыма камкордукка алынуучу, анын ички жана сырткы саясатынын негизги багыттарын аныктап, коомдук - экономикалык жана саясий - маданият жаатында жаңыча бааланып жана чечиле турган, ошону менен бирге аларды ургаалдаштыруу чараларын иштеп чыгууга муктаж жаңы дөөлөттөр (приоритеттер) келип чыгып отурат. Ошолордун бири - мамлекеттик тил статусуна ээ болгон эне тилибиз ( кыргыз тили) да анын тагдыры, жайылуу жана пайдалануу алкагын аныктоо; аларды турмушка ашыруу аргаларын табуу жана башка милдеттер бар.